## № 2-Баткен округдук шайлоо комиссиясынын

## Ч Е Ч И М И №7

**Баткен шаары** **2024-жылдын 30-апрели**

**Катышты:**
Айтбаев Бахабидин Ташполотович
Жоробаева Сайдагул Манасовна
Жапарова Мээринса Абытовна
Саттарова Гулбара
Гапаров Марат Мамазаитович
Камбаров Акынбек Осконович
Маркаев Манас Аззамович
Оболова Мария Гайыповна
Орозалиев Кенжебай
Эркебаев Осмон Мажитович
Гапарова Дилбархан Бекбутаевна
Жороева Чынар
Маккамбаев Мунарбек
Адилов Анарбек Ташполотович

**Себептүү катышпаганы:**
Омурзаков Тилек

**1. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоо күнү талапкер Б.Калпаевдин үгүттоочүлору шайлоочуларды авто унаа менен алып келүүсү боюнча талапкер А.Мадалиевдин байкоочусу А.Кулматовдун билдирүүсүн Кадамжай районунун прокурору А.Имангазиевдин Баткен областынын прокурорунун орун басары (штабдын башчысы) Ж.А.Жолдошевге 2024-жылдын 28-апрелиндеги чыгыш № 11/136-24 сандуу маалыматы жөнүндө.**

Каралуучу маселе боюнча Баткен аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы Айтбаев Бахабидин төмөнкүлөргө токтолуп өттү.

2024-жылдын 28-апрелинде Кадамжай райондук ИИБнө, Кадамжай районунун Ак-Турпак айыл аймагынын №8143 шайлоо участкасынан №2 Баткен бир мандаттуу шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешининин депутаттыгына талапкер А.Мадалиевдин байкоочусу А.Кулматов, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине талапкер Б.Калпаев үгүттөөчүлөрү шайлоочуларды авто унаа менен ташып жаткандыгын билдирген.

Аталган маалымат Кадамжай райондук ИИБнүн МЭЖне 2024-жылдын 28-апрелинде 02-048-2024-001148 саны менен катталып, текшерүү иши башталган.

Тергөөнүн жыйынтыгында аталган факты боюнча башталган сотко чейинки өндүрүштүн материалдарына карап көрүп, далилдерге баа берүү менен жогоруда аталган фактыда мыйзам бузуучулук аныкталбагандыктан Кыргыз Республикасынын КЖПКнин 27-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктунун негизинде кылмыш ишин козгоодон баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алынып, райондук прокуратура тарабынан, 02-048-2024-001148 сандуу материал көзөмөл ирэтинде окулуп чыгып, мыйзамдуу жана негиздүү чечим кабыл алынгандыгын билдирген.

Жогорудагыларды белгилеп Баткен округдук шайлоо комиссиясынын отуруму

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

1. Кадамжай районунун прокурору А.Имангазиевдин Баткен областынын прокурорунун орун басары (штабдын башчысы) Ж.А.Жолдошевге 2024-жылдын 28-апрелиндеги чыгыш № 11/136-24 сандуу маалыматы эске алынсын.

2. Текшерүүнүн жыйынтыгында кылмыштын курамы болбогондуктан жана кылмыш ишин козгоодон баш тартылгандыктан талапкер А.Мадалиевдин байкоочусу А.Кулматовдун билдирүүсү канааттандырылбасын.

3. Ушул чечимди бекитип берүү жагы Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына жөнөтүлсүн.

МАКУЛ - 14, КАРШЫ - __0__, КАЛЫС - __0__,

ОКРУГДУК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ №2 ОКРУЖНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ

**Баткен округдук шайлоо комиссиясынын төрагасы:** **Б.Айтбаев**

**Баткен округдук шайлоо комиссиясынын катчысы:** **С.Жоробаева**